УДК 372.882:894.341 Э.Н.АБДЫРАСУЛОВА

# А.ОСМОНОВДУН ОБРАЗЫ ЛИРИКАЛЫК ЫРЛАРДЫН МАЗМУНУНДА

*Макалада адабияттын өнүгүү процесси, Алыкул Осмоновдун поэзиядагы орду, анын ырларынын таалим-тарбиялык мааниси, кыргыз адабиятына кошкон салымы каралат.*

*Статья рассматривает процесс кыргызской литературы, место в поэзии Алыкула Осмонова как выдающегося поэта, его вклад в кыргызкую поэзию.*

*The article describes the proccess of Kyrgyz literature, the place of Alykul Osmonov in poetry.*

Коомдук өнүгүштүн ар бир жаңы баскычы мурдагылардан элдин материалдык жана рухий турмушунун – кош бирдиктүү өнүгүү процессинде жаңы бийиктикке көтөрүлгөндүгү менен айырмаланат. Адам аң сезиминин тигил же бул тармагындагы жаңы ачылыштын артыкчылыгы башта иликтеп кеп кылууга болбой турган жаңы көрүнүштөрдү аңдап-билүүгө мүмкүндүк түзүп бергендигинде турат[1] – деп белгилейт белгилүү сынчы К.Даутов. Чынында эле, коом тынымсыз кыймылда болуп, улам алдыга кадам таштап, өсүп-өнүгүү процессин баштан кечирип турат. Коом өнүгүп, өсүш жолунда алга карай жылган сайын, улам жаңы көз караштар, ачылыштар пайда болуп адамдардын турмушту аңдап билүү мүмкүнчүлүгү, рухий-эстетикалык талап-даражасы да жогорулайт. Мына ушул жаңылануу, алга жылуу процесси адабий чөйрөгө да өз таасирин тийгизип, көркөм сөз дүйнөсүнүн улам жогорулаган рухий-эстетикалык талап-даражага ылайык өнүгүүсүн шарттап турат.

Ал эми кыргыз поэзиясынын күчүн дал ушул талап-даражага ылайык бийик деңгээлге көтөрүү шыбагасы адабияттын өнүгүү процессинде А.Осмоновдун чыгармачылык тажрыйбасына туш келди. А.Осмонов эскирген, жедеп көнүмүш болгон поэтикалык эрежелерден, жол-жоболордон биротоло чечкиндүү баш тартып, адабияттын мазмундуу көркөм кругозорун кеңитүү, тереңдетүү жолуна түштү. Акындын новаторлук изденүүлөрү айрым поэтикалык табылгаларга, салыштыруу же эпитетке эмес, майда турмуш тиричилигинен тартып, адамдын дүйнө-өмүрүн, ички сезимдерин сүрөттөгөн

---

[1] Даутов К. Мезгил сыны жана мен. – Б., 2004. – 6-б.

чыгармаларына чейин, көркөмдүк-образдык ой жүгүртүүнү түп-тамырынан жаңыртууга негизделди.[2]

А.Осмоновдун көп кырдуу таланты, кызыктуу да, трагедиялуу да, үлгү болорлук адамдык жана чыгармачылык тагдыры, кыргыз поэзиясына жасаган революциясы өз кезегинде адабий процессте “Алыкулдун – улуу, кайталангыс таланттуу акындын” образынын жаралышына түрткү болду, башкача айтканда, А.Осмоновдун көркөм салттары менен адабиятка кошулган калемгерлердин дээрлик көпчүлүгү тарбияланды жана муну менен катар алар акынга жан дүйнөсүндөгү аздек сезимдерин арнап чыгармалар жаратышты. А.Осмоновдун образы лирикада өзгөчө күчкө ээ болду. Анын акындык талантына Р.Рыскулов, Г.Момунова, Т.Шабданбаев, Н.Байтемиров, С.Эралиев, Б.Сарногоев, С.Жусуев, К.Артыкбаев, Ж.Садыков, А.Белеков, Э.Турсунов, Ү.Асаналиев, К.Бобулов, Т.Мияшев, Б.Абакиров, О.Султанов, Ж.Мамытов, Б.Алыбаев жана башкалар сыяктуу акындар таазим этип ырларын арнаса, М.Касымбаева, М.Байзакова, Ж.Асаналиева, М.Осмонов, К.Иманкулова, К.Токтомбаева жана башкалар өңдүү жаш таланттар да өз калеминин күчүн акынга ыр арноо менен сынап көрүштү.

Демек, А.Осмоновдун лирикадагы образы “таалимчилик” таасири менен өзгөчөлөнөт, тактап айтканда, колуна калем кармап, ага ыр арнаган ар бир акын анын талантына таазим этип, поэзиясынын “көлүнөн” ичип, чаңкоосун басканын жашырышпайт. Муну төмөндөгү мисалдардын мазмунунан көрүүгө болот:

Өлчөөсү жок устат акын экенсиң,
Жаш убактан сезгем күчтүү таасириң,
Ыр дүйнөсүн сен чаңдатып кетипсиң,
Кийин туюп, түйдүк сүйүп көп сырың

Суулар келер, тоолор келер кезеңдер,
Ысымыңа сыйынышар эчендер.
Не бир акын угут алып ырыңдан
От алышар, жан куюшар нечендер (Р.Рыскулов “Алыкул”)

Койчу, досум, мени акын дебечи,
Мени акындын улпагына теңечи,
Кыргызыңда кандай сонун акын бар?!
Десең келет Алыкулдун элеси.

[2] Асаналиев К. Тандалмалар. – Ф., 1983. – 309-б.

Жатса дагы жер астында денеси,
Жанда турат ыр канаттуу элеси
О, Досум ай, Акын болгуң келеби?
Талантыңды Алыкулга теңечи! (Н.Байтемиров “Алыкулга”)

Биз акындар колдун болсок оң, солу,
Анда Алыкул ал колдордун ортону
Биз акындар – жылдыз болсок көктөгү,
Анда Алыкул жылдыздардын Чолпону. (Б.Сарногоев)

Андыктан алп экенсиң, март экенсиң,
Өлүмдүн жарып чыктың жер кепесин.
Алыкул, кайдан алдың андай күчтү?
Акырын айтып койчу чет-чекесин. (К.Артыкбаев “Алыкулга”)

Оо Алыкул,
Өзүң ичкен тунук лира булагын,
Чаңкап келип мен жуталбай турамын.
Тирүү болсоң
- жалгыз ичпей бөлүшчү,
Деген бир сөз менин болмок сурарым.

Ажал таш боор, ага жетсин убалың,
Азыр менин сенден өттү курагым.
Өлөөр алда өзүң жазган ыр үчүн
Тизе бүгүп дайым кулдук урамын. (Ж.Садыков “Алыкулга”)

Кыргызымдын тунук уулу Алыкул,
Кыйбасындай сага айтчу сөзүм бул:
“Билген билер, билбегенге не чара”
Бирок сага өзүм курман, өзүм кул. (Э.Турсунов “Алыкул”)

Деги койчу, акындар поэзиясында А.Осмоновдун талантына таазим этпеген калемгерди кездештирүү өтө кыйын.

Адабияттын башка түрлөрүнөн лириканын – айырмасы анын бир учурда адам мүнөзүнүн кандайдыр бир гана абалын бергендиги. Бирок, бир абалды сүрөттөө аркылуу

ушул абалдагы адамды ээлеп алган ой-санаа менен санаркоонун байлыгын, көп түрдүүлүгүн, акындык сөздүн толкунун жана субъективдүүлүгүн бере ала турган сөздөрдү, көркөм каражаттарды табуу кажет[3] - деп белгиленет М.Борбугуловдун “Адабият теориясы” китебинде.

Ушул эле ой “Основы теории литературы” китебинде төмөндөгүчө түшүндүрүлөт: В центре анализа лирического стихотворения должно находиться определение его непосредственного содержания, т.е. того переживания лирического героя, которое дано в стихотворении. Это переживание должно быть понято в его конкретности, т.е. в его живой словесной форме, передающей все оттенки переживания и тем самым превращающий его в образ. И, с другой стороны, именно осмысление этого непосредственного содержания необходимо должно привести нас к пониманию его обобщенного значения, т.е. к определению его как явления идеологической жизни своего времени и, шире, как обобщения, освещающего человеческие отношения и за пределами данного исторического периода.[4]

Маселени дал ушул өңүттөн алып караганда, А.Осмоновдун лирикадагы образынын негизги, үстөмдүк кылуучу абалы – шум ажалдын акындын өмүрүн кыйып кеткендигине наалат айтуу, анын дүйнөдөн жаш өтүп кетишине өкүнүү, Ак боз аттын башка аттардан айырмалуу таскагы, коюу чаң чыгара чуркашы, анын “ишенимдүү, ынанымдуу” дүбүртү, көл жээгиндеги акындын ойлуу образы, Ысык-Көлдүн Алыкулду жоктоосу сыяктуу кейиштүү ыргак акын поэзиясынын өлбөстүгүн, түбөлүктүүлүгүн, анын адамдык улуулугун даңазалоо интонациясы менен жуурулуштурула эриш-аркак сүрөттөлөт:

Табигатта ажал мерес, боору таш,
Таш болбосо болот сага кас.
Чым жазданып жатканыңа жан кейийт,
Чылк акылга толо түшкөн асыл баш. (Э.Турсунов “Алыкул”)

Алыкул ак боз атка камчы басат,
Алкынтып максатына улам шашат.
Ишенем чарчоо билбей татаал жолдо,
Бейтааныш муундар менен амандашат.
(К.Бобулов “Алыкул ак боз атка камчы басат”)

---

[3] Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б., 1996. – 434-б.
[4] Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. – М., 1966. – С. 365.

Отурду акын көлдүн тиктеп көбүгүн,
Тыңшагансып көр-шар эткен көл үнүн
Санады го секунд сайын зымырап
Сапар тартып өтүп жаткан өмүрүн

(Ж.Мамытов. “Акын көлдүн жээгинде ”) ж.б.

Лириканын теориялык табиятын аныктоо боюнча адабият таануу илиминде бир топ алгылыктуу эмгектер жаралган. Алардын арасынан поэзияга мүнөздүү болгон лирикалык каармандын поэзиядагы ролу, чыгармага тийгизген таасири, аркалаган жүгү тууралуу чыгарылган жыйынтык ойдун мазмундуусу Л.И.Тимофеевге таандык: “Наконец, понятие лирического героя существенно для нас потому, что оно особенно отчетливо позволяет охватит единство и целостность того круга переживаний, который развернут перед нами в творчестве поэта. В каждом из них выражена та или иная грань характера создаваемого им лирического героя, и вместе с тем они представляют собой известную ступень его развития, его роста, его движения по жизни. Идя от стихотворения к стихотворению, то есть следя за различными проявлениями характера лирического героя, мы все большей ясностью воспринимаем тот тип человека, который рисует поэт в своем творчестве, за утверждение в жизни которого он борется”.[5]

Чынында эле, А.Осмоновдун ар бир чыгармасынын өзөгүн аралап өткөн терең мазмун, жалпы салмактуу интонация акындын жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү болгон ойчулдук, салмактуулук, бир калыпта улам жогору карай өрүш алган эмоциялык ыргак, чыгарманын өзөгүнө коюлган идеяны так, таамай, кенен жана ар тараптан ачып көрсөтүү, сөздүн кыскалыгы, ойдун тереңдиги сыяктуу өзгөчөлүктөрдү аныктайт. Акындын чыгармачылык өнөрканасына мүнөздүү болгон дал ушул өзгөчөлүк ага арналган ырлардын мазмунунан да кандайдыр бир деңгээлде орун алгандыгын жана максаттуу ишке ашкандыгын белгилөөгө болот. Мындай өзгөчөлүк жада калса жаңы гана канат кагып, поэзия мейкиндигине талпына баштаган жаш таланттардын да калеминен ачык байкалат:

Сезди бекен ажал сырдуу сырларыңды,
Көргөзбөдү алдыдагы жыргалыңды.
Курч болсо ажал мизи ошончолук,
Көрөлүчү алсын кана! Ырларыңды. (М.Байзабаева “А.Осмоновго”)

---

[5] Тимофеев Л.И. Слово в стихе. – М., 1987. – 252-б.

Өлбө акын, элге жактың!

Ырыскысың менин бактым.

Дүйнөдөгү акындардан,

Улуусу деп сени таптым. (Г.Осмонова)

Мунун өзү А.Осмоновдун бийик таланты, чыгармачылык жактан жеткилеңдиги менен көркөм сөздүн чебер устаты катары ыр көлүндө чабак урган таланттарга чынында чоң таасир калтырып, өзүнүн "профессионалдуу" иштелип чыккан чыгармалары жана талыкпас эмгекчилдигинин үлгүсү менен татыктуу деңгээлде тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт.

А.Осмоновдун поэзиясы улам терең үңүлгөн сайын кайсы бир баа жеткис касиетин аныктап, өзүң башта элес албай жүргөн кайсы бир жаңы кырлары, тамыры терең кеткен эстетикалык табылгалары менен көзгө бадырая көрүнүп, купулуңду толтурат, таңдандырат. Бул ынануу, толуктоо,

таңдануу, бир караган адамга эч нерсе туюндурбагандай сезилген майда, бирок, өтө маанилүү табылгалар акынга арналган ар бир изилдөөдөн, анын өмүрүн жана чыгармачылыгын чагылдырган ар бир көркөм туундудан кийин дагы ачык, дагы таамай, дагы так көрүнөт. Ал эми ушундай табылгалардын адабий чөйрөдө сан жагынан гана көбөйбөстөн, сапаты боюнча да бийик даражага көтөрүлүшү кимди болбосо кубантпай койбойт.

Адабий чөйрөдө мындай "бактылуу экинчи өмүрдүн" А.Осмоновдун образына туура келиши да закон ченемдүүлүктүн негизинде келип чыккан көрүнүш. Себеби, ал көзүнүн тирүүсүндө адам катары тагдырдан бир да жакшылык көргөн эмес. Бирок, Жараткан акынды ченемсиз таланттын үлүшүнө эгедер кылган экен. Дал ошол Жараткан эгедер кылган таланттын күчү менен талбас эмгектин жуурулушунан келип чыккан "мол түшүм" кыргыз поэзиясын сапаттык баа ченеми боюнча чоң секирик жасатып, аны профессионалдык деңгээлге көтөрүп чыккан. Демек, акындын атынын, жүзүнүн адабий чөйрөдө түбөлүк жашап калышы табигаттын, турмуштун өз адилет мыйзам ченемдүүлүгүнүн негизинде келип чыкты деп түшүнүү максатка ылайык.

**Адабияттар:**


1. Асаналиев К. Тандалмалар. – Ф., 1983
2. Асаналиев К., Кыдырбаева Р. Кыргыз адабий терминдер сөздүгү. Б. – 2004.
3. Даутов К. Мезгил сыны жана мен. – Б., 2004.
4. Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. – М., 1966.

5. Тимофеев Л.И. Слово в стихе. – М., 1987.
6. Тынымсеитова Ж. Алыкулга гүлдесте. – Ф., 1975.